Бекитем
Директордун милдетин
аткаруучу: ________________ Г.А. Кенеева
«30» ________ 2022-2023-о.ж.

**Бердалы Календеров атындагы орто мектебинин**

**Мектеп дежурствосу боюнча жобо**

**1. Жалпы жоболор:**

1.1. Жобо мектептин Уставынын негизинде жазылган

1.2. Мектеп дежурствосу, 8-11-класстар, класс жетекчилер, дежур мугалим, дежур администрация, метод бирикме жетекчиси менен бирге макулдашылып график түзүлөт

1.3. Дежур болгон класс бир жумадагы тартипке көз салат: мектептеги тартип бузууларды, сабактан калуу, сабакка кечигип келүү, сабактан качуу боюнча маалыматтарды линейкада билдирет (дежур мугалим, администрация, класс жетекчилердин катышуусунда)

1.4. Дежурлар сабак башталганга чейин 20 минута эрте келип, дежурствону башташат. Дежур класстын, дежур мугалимдин, класс жетекчинин, администрациянын төшүндө таза бейджиги болуусу зарыл. Дежур болуунун астында класс жетекчи жана дежур администрация башчысы менен биргеликте дежур класс мектепте эртен мененки зарядканы уюштурат (дене тарбия мугалими зарядка жасатат)

1.5. Дежур мугалим дежурство журналын өз убагында толтуруп турат

**2. Мектепте дежурствону дежур болгон класс уюштурат жана өткөрөт.**

2.1. Жалпы жобонун регламенти боюнча мектеп дежурствосу: дежур администрация, дежур мугалим, класс жетекчинин болушу менен мектепте тартипти коет жана ички тартипти уюштурат.

2.2 Мектепте дежур болгон мугалим окуучулардын жана педколлективдин өмүрүнүн коопсуздугун камсыздоого, мектепте сабактардын үзгүлтүксүз регламенттин негизинде өтүүсүнө, ички тартиптин сакталуусуна көз салат.

2.3. Дежур мугалим КР «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын , Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик документтеринин, Мектеп уставынын жана жергиликтүү нормативдик актылардын , Эмгек кодексинин негизинде иш жүргүзөт

2.4. 1-2-нөөмөттө 8-11-класстарынын окуучалары дежур болгон учурда класс жетекчиси, дежур мугалим, администрация да дежур болот.

2.5. Дежурствонун графиги ар бир айдын башында түзүлөт. Ай ичинде корректировка болуусу мүмкүн, себеби дежур мугалимдин «Эмгекке жараксыздык баракчасына» чыккандыгына байланыштуу, район-шаардык алкактагы ачык сабактарга, семинарларга, өз билимин жогорулатуу курстарына кеткен учурларда дежурствонун графиги өзгөрүлүп, мектеп директору бекитет.